84кр
Т-14

АСАН ТАГАЙКУЛОВ

# ӨТКӨН ӨМҮР



84 ке
Т 14

Асан Тагайкулов

# Өткөн өмүр

*Ырлар, эскерүүлөр*

АКСЫ РАЙОНДУК БОРБОРДУК КИТЕПКАНА
Инв. № 4612 г.
322 ... 

«Бийиктик»
Бишкек – 2007

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
Т – 14

*Автордун ырларын жыйноого өмүрлүк жары Асила Мамбеталиева, китептин чыгышына уул-кыздары, күйөө балдары көмөктөштү.*

Түзгөн: Абдымомун Калбаев – Кыргыз Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, акын.

**Тагайкулов Асан.**
**Т - 14** **Өткөн өмүр.** Ырлар, эскерүүлөр. /Түз. А. Калбаев. – Б.: Бийиктик, 2007. – 52 б.

ISBN 978-9967-13-276-4


Акындын бул жыйнагына ар түрдүү тематикадагы ырлары топтолду . Ошондой эле замандаштарынын эскерүүлөрү сунушталды.

Автордун ички жандүйнөсүндөгү арУУ сезими, табиятка болгон мамилеси, Мекенге арналган атуулдук көз-карашы жыйнактын өзөгүнө жан киргизип, көркөмдүк ажарын ачып турат.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

Т4702300200-07
ISBN 978-9967-13-276-4

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
© Тагайкулов А., 2007



## КЫРК СЕГИЗ ЖЫЛ КАТЫЛГАН ЫРЛАР

Аксы районундагы Авлетим айылы таланттардын бешиги деп койсок жаңылышкандык болбос. Бул айылдан атактуу Молдо Багыш акын мезгилинде кат таанып, жазма акын болгон. «Абак дептери» деген китебин терип-тепчип жүрүп жарыкка чыгарууга мезгилинде чоң салым кошконмун. Бирок даяр болгондо авторлор табылып, ак чепкенди жамынып, ат минип ээлик кылып кетишкен, эл жакшы билет. Ошондой эле Султанкул куудул, бул адам да чукугандай сөз тапкан, акылман, залкар чыгармачыл адам болгон. Белгилүү революционер, Кызыл Жылдыз орденинин ээси, Кеңеш Өкмөтүн Кыргызстанда түптөөчүлөрдүн бири Асанбек Кабаевдин дивизиясында кызмат өтөгөн адам болгон. Демек, эмгеги ат көтөргүс болгондугунда талаш жок. Залкар төкмө, чоң комузчу Балтабай Сооронбаев, төкмө акын, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти Ысак Барпиев, Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү, бир китептин автору Ташбай Жоробеков, кыргыз элине аттын кашкасындай таанымал обончу Ысак Стамкулов, төкмө акын Акыналы Барпиев, Тургуналы Осмоналиев, санжырачы Бөрүкул ава, жомокчу, аткаруучу Ыманбай Тагайкулов, куйма кулак таланттуу инсан Ороз аке, аткаруучу, ырчы Сирияга барып Атайдын «Гүл» деген чыгармасын ырдап лауреат болуп келген Ыманкул Арзиев, ошондой эле төкмө акын, бир нече республикалык кароо-сынактардын лауреаты, белгилүү обончу, ырдын пири Рысбайдын жанажан ДОСу Рысбек Тасмаев, обончу Токтогул Орозбаев, ырчы, аткаруучу Кишимжан Мамытова, белгилүү обончу Булбул Стамкулова жана башкалар мына ушул айылдын тургундары экендигин айтсак эле жетиштүү болор.



Эч кимге айтпай ыр жазып жүрүп, эч жерде жарык көрбөй, жазганына өзү маани бербей, турмуштун зардабында чайпалып жүрүп, бул жарык дүйнөдөн көзү өтүп кете берген акын агабыз Асан Тагайкуловдун бул китеби эли-журтуна, уруктуугандарына, артында калган балдары менен кыздарына эстелик болсун деген таризде чыгарып, сунуш кылып олтурабыз. Ошол Асан аке ыр жазып жүргөн 60-жылдардын тарисинде алып карай турган болсок, айылда жүрүп эң мыкты ырларды жарата алган. Бирок ал кишиге кеңеш берген, жолго салган устаттар болбогон. Ошол жылдарда жаңы жазып жүрүшкөн, бирин-экин китептери чыгып, мезгилдүү басма сөздөрдө таланттары жарк этип көрүнө калып жүргөн Турар Кожомбердиев менен Жолон Мамытовду көп окуп, көп шыктанып жүргөнү көрүнүп турат. Анткени Асан Тагайкуловдун элүү жылдан ашык убакыт бокчодо бекитилип жата берген ырлары акыры менин колума келип түшүп, айрым жерлерин оңдоп-түзөп, бирок акындын кол жазмаларын дээрлик өзү кандай жазган болсо ошондой берип сиздерге сунуштап жатабыз. Акын-

дын ырларын символикалуу түрдө «Өткөн өмүр» деп атадык. Анткени Асан Тагайкулов өз элине акын катары эмес ак көңүл, колунда барды жок дебеген ачык, шайыр, тамашакөй адам катары жашап өттү. Турмуштун кыйынчылыгынанбы же эркинин жоктугунанбы өмүрүнүн акырында ичкиликке берилип кетти. Бирок чыныгы таланткөйлөрдүн кимисин алып карабагын ичкен жагынан көп эле ичишкен.

Бирок ырлары таза, чыныгы айыл турмушун ырдаган. Айылдык карапайым адамдын эч кири жок турмушу чагылдырылган. Асан акенин кызы Бактыгүл мага келип: «Аке, ыр жазып жүрчү элем, көрүнчү», – деп калбаганда, мен Асан акенин ырларын эстейт белем жок беле, ким билет. Кербен шаарындагы маалымат борборуна келип ийримге катышып калганынан, анан Асан экенин бир ыр жазып, дептерин эч кимге көрсөтпөй бекитип жүргөнүн билчүмүн. Анткени биз бешинчи класста окуганда Асан аке 9-класста окуп жүрчү. Мектептеги дубал газетага да ырлары чыкканын көргөнмүн. Ошондон улам суратып, издеттирип көрсөм эки дептери табылып калды. Бирок көп эле дептер ырлары бар эле, кайда калганын билбеймин.

Ошентип Афлатундук таланттардын көчүн улаган дагы бир инсаныбызды көзү өтүп кетсе да айылдык таланттардын сабына кошуп, китебин жарыкка чыгарып койсок жаман болбос деп ойлойм. Кийинки муундарга эстелик болуп калат. Ырлары жөнүндө жаман пикир айта албаймын. Дегеним, мезгилинде дурус эле акындардын бири болгон.



Баса, Асан акенин бир тууган агасы Ыманбай ава жөнүндө бир-эки ооз сөз айта кетүүнүн орду келип турат. Анда биз мектепке бара элек чыт курсак кезибиз болчу. Ыманбай акени карылар чакырып алып, түнү менен «Жаныш-Байышты», «Эр Төштүктү», «Эр Табылдыны», «Кедейканды» айттырып, угуп жатышчу. Үнү дагы бир коңур таланттуу инсан эле. Ыманбай авам ырдаганда таң калып угар элек. Мүмкүн азыркыдай таланттарды ааламга тараткан мезгил болгондо, балким, белгилүү артисттердин бири болуп калмак. Талант өз баасын алмак. Баары арман... Өтүп кеткен Асан Тагайкулов да арман, эстелик болсун ушул китеби артында калган.

Ырларына окурмандар өз баасын берип, окуп жүрүшөр, көзү өткөн адамга сын айтуу парыз эмес.

Акырында айтарыбыз, жаткан жериңиз жайлуу, топурагыңыз торко болуп, жаныңыз жаннатта болсун деген гана ойду айтмакчыбыз. Ал эми китебиңизди түзүп, даярдап окурмандарга сунуп койдум. Эң жок дегенде айылдаштарыңыздын үйүндө эскерилип турун, Асан аке.

***Абдымомун Калбаев,***
*Кыргыз Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, акын.*

* * *

Таң менен кошо чыгып кызыл гүлдөр,
Жайнады шүүдүрүмү тамчыланып.
Максатым токтобостон бардык жерде,
Учат ал канаттарын камчыланып.
Максатым сени көздөй бара жатат,
Көзүнөн мончок жашы тамчыланып.

Максатым асманда да, жерде дагы,
Токтобой келечекке бара берет.
Мен өлүп денем жерге коюлса да,
Жаштыгым өзгөрбөстөн кала берет.
Азыркы сага болгон сүйүүлөрүм,
Өчпөстөн түбөлүккө кала берет.

**ТИЛЕК**

Байкабапмын түн бир убак болгонбу,
Жаңылбасам ай он бешке толгонбу?
Буруксуган акация гүлдөрүн,
Бир жаш сулуу үзүп алып койгонбу?

Үзүп алса кайсыл сулуу алды экен,
Кайсыл жерге кантип алып барды экен?
Ал сулуунун мага окшогон булбулу,
Же болбосо чын сүйгөнү бар бекен?

Шерик болуп гүлдү алган кыз менен
Махабаттын жолун бирге бассам дейм.
Турмуш өзү түз жол эмес ашуу го,
Тайманбастан ал ашуудан ашсам дейм.



**ТООЛОР**

Тоолор, тоолор
Айткылачы сырыңарды.
Үйрөткүлө мен ырдайын,
Обон салган ырыңарды.

Тоолор, тоолор
Сен жеримдин көркүсүң,
Талант козгоп ыр ырдаткан,
Жүрөгүмдүн өртүсүң.

Тоолор, тоолор
Көрктүүсүң да, сулуусуң.
Карыбыздан, жашыбыздан,
Баарыбыздан улуусуң.

**СЫР БЕРДИМ**

Жүгүрүп аска кыяндан,
Сүйүүнүн гүлүн тердимби,
Өзгөчө жаштык махабат,
Сырымды сага бердимби.

Тентек суу бойлоп ыр жазып,
Тектирге чыгып гүл тердим.
Өзүмдүн жаштык сүйүүмдү,
Тентек жел сага сыр бердим.

**ЭСТЕН КЕТПЕЙТ**

Эстен кетпейт менин жаштык күндөрүм,
Эстен кетпейт курбуларым күлгөнүн.
Эстен кетпейт биз олтурган парталар,
Балким, анда сен жанылып жүрбөгүн.

Эстен кетпейт бизди окуткан агайлар,
Эстен кетпейт бизди окуткан эжейлер.
Эстен кетпейт биз ойногон айлуу түн,
Көк шиберлүү, кең жайыктуу көп жерлер.

**ЧАБАНГА**

Көкмөк асман көк деңиздей чалкыган,
Ак булуттар пароходдой калкыган.
Ырдаганы белестерден угулуп,
Чабан келет көп койлордун артынан.

Көкмөк шибер көк килемдей түрдөнүп,
Көк кашка суу агып жатат күүлөнүп.
Көк чыбыктар башын ийип шамалга,
Картмак тоолор жүгүнүшөт адамга.

Тоолук чабан тоготпостон жамгырды,
Коюн жайып кыя жолдо баратат.
Үн кошконсуп ал чабандын үнүнө,
Көк кашка суу симфония жаратат.



* * *

Кара булут каптап тоо башын,
Шамал жүрүп гүлдөр ыргалат.
Жүрөктөгү толгон сүйүүгө,
Тартууланып ырлар ырдалат.

Кара булут каптап тоо башын,
Жоогазындар башын чайкашат.
Чыга калсам гүлдүү белеске,
Чын сүйгөнүм гүлгө айкашат.

Жамгыр төгүп нурдуу берметин,
Өзгөрүлттү жердин келбетин.
Миң түрлөнүп жашыл жалбырак,
Күн чыкты го көктөн жадырап.

Өтүп жатат мезгил токтобой,
Өзөндөгү аккан сууга окшоп.
Учуп жатат өмүр зымырап,
Сары-Челектен учкан ккуга окшоп.

Түшүнбөдүм дайым ойлуу жүрөсүн,
Мага сырдуу сенин оор мүнөзүн.
Мен бар жерде сумсайыңкы капалуу,
Мен жок жерде жадырайсын күлөсүн.

* * *

Сенин гана элесин,
Көз алдыма тартылат.
Тоготпостон өтөр элем,
Кыйындыктар болсо да.

Жашырбастан айтчы деги,
Сүйөсүңбү дилинде.
Мен ыраазы болор элем,
Чындап кирсең илимге.

Ийгиликти сен экөөбүз,
Жаратабыз биргелешип.
Талыкпастан иштесек,
Турмуштан биз гүл терелик.

## ЭЛЕСТЕТЕМ

Элестетем:
Өзөндөгү көк кашка суу
Толкуп ташып жаткансыйт.
Жалбырактын дирилдеги,
Аккуу канат какканcыйт.

Элестетем:
Күн да жылып тоо жамынып,
Уясына баткансыйт.
Жаратылыш бизге бербей
Не бир сырын катканcыйт.



Элестетем:
Сүйгөнүм келип жаныма,
Аппак колун сунгансыйт.
Кубулуп кайра бир паста,
Кызыл гүл болуп тургансыйт.

* * *

О, сүйгөнүм
Мен сага ишенчү элем,
Кичинемде ата-энеме
Ишенгендей,
Бирок сен тилегимди талкаладын.
Кайрадан ачылбадын,
болот чынжыр
кишендердей.

Мен сени
Элестетчүмүн,
Таңда ачылган кызыл гүлгө
Салыштырып.
Сен бир назиксиң
Гүлгө окшогон,
Сезимиң тунук
Тоо суусундай,
Агасың сырың
Ичке катып туруп.

*1968-жыл, октябрь.*

* * *

Талаада гүлдөр көп аңкыган,
Терем-терем кучак толтуруп.
Кимге арнайм сен жоксуң жанымда,
Ойлономун көк шиберге олтуруп.

Талаада гүлдөр көп аңкыган,
Жаш сүйүү өзүнө арналат.
Сүйгөнүм бүткүчө окуусун,
Жакшы ырлар ал үчүн жаралат.

Кыялым асманга атылып,
Токтобой учкансыйт жылдызга.
Максатым алыстан көрүнөт,
Жаркылдап, бүлбүлдөп жылдызча.

* * *

Кыялымда жаз келсе,
Кызыл гүлдөн терсем дейм.
Кызыксынган сулууга
Белек кылып берсем дейм.

Гүлдү сунсам ал сулуу,
Алар бекен гүлүмдү.
Жүрөгүмдөн үн берсем,
Угаар бекен үнүмдү.

Жүрөгүмдү көп сыздатпа,
Сумсайтпастан жооп бер.
Билесиңби сен менин,
Кыйноо тарткан үнүмдү.



**ЛИРИКА**

Лирика көңүлдү эргитет,
Лирика көңүлдү сергитет.
Лирика күч берип адамга,
Адамды учурат ааламга.

Лирика сүйүүнү жаратат,
Лирика мукам үн таратат.
Лирика сезимди көтөрүп,
Көкөлөп асманга баратат.

Лирика сүйүүнүн булагы,
Лирика жаштык курагы.
Лирика ырдалса жанында,
Жаш жүрөк тынч алып турабы.

Лирика турмушка жол ачып,
Адамды бактылуу болтурат.
Махабат жаратып курбуна,
Жүрөктү сүйүүгө толтурат.

*1968-жыл, март.*

**КЫЯЛЫМ**

Ушул күнү уктабадым тынч жатып,
Сансыз ойлор көөдөнүмө батпады.
Кыял менен алпурушуп жүрөмүн,
Ойлоо сезим бир жерге тынч жатпады.

Бир оюмда мен окууга барсам дейм.
Бир оюмда өндүрүштө калсам дейм.
Эч токтобой ойлойм, ойлойм дагы да,
Бир оюмда шофер болуп калсам дейм.

Кыял кургур түк бир жерге токтобойт,
Барар жерин кетип барат билбеймин.
Бир чечимге, так бир ойго келалбай,
Ушундай өзүмдү өзүм тилдеймин.

*1968-жыл, январь.*

* * *

Сур булут жылып барып тоо башына,
Капыстан тоскоол чыгып токтогонсуйт.
Ала-Тоо тартып алып бүт асмандан,
Булутту ошол жерге топтогонсуйт.

Сан гүлдөр жайнайт чыгып белестерге,
Шамалга башын чайкап ыргалгансыйт.
Сайраган булбул үнүн тыңшап турсан,
Негедир сүйүү ыры ырдалгансыйт.

Булактан агып чыккан тунук суулар,
Биригип сапарларын улантышты.
Тоо гүлүн терип келип сулуу кыздар,
Жол тосуп сүйгөндөрүн кубантышты.

*1969-жыл.*



**СЫЙМЫКТАНАМ СЕН МЕНЕН**

Жаралып элдин бактына,
Жакшына көлүм, жакшына.
Эс алып элдер кылаанда,
Эл үчүн пайда жакшы да.

Жайлоон, төрүн кепкенен,
Жаралгансын эп менен.
Жээгинде болуп мен дагы,
Кымыз ичип, эт жегем.

Ачылбай жаткан сырың көп,
Айтылбай жаткан ырың көп.
Ачсамбы сенин сырынды,
Ардактуу көлүм Сары-Челек.

Жайылып жүрсө жылкылар,
Жайлооң сенин кепкенен.
Ак калпак кыргыз элинде,
Сыймыктанам сен менен.

*1969-жыл, февраль.*

Инв. № 4612

* * *

Кыялымда сен кызыл гүл болсон,
Жайнасаң жайлоо белесте.
Анда мен түбөлүк унутпай,
Сактаймын жүрөккө, элеске.

Санаамдасын ар дайым,
Кубат берген денеме.
Окшоп кетет элесиң,
Көк деңизде кемеге.

Сага арнадым белек деп,
Жүрөгүмдүн ортосун.
Жүзүң бурба ааламдан,
Жаным неге коркосуң.

Жыпар жыттай аңкыган,
Жытың сонун жалжалым.
Тунук суудай сүйүүмдү,
Сезиминден кармадым.

Жүрөгүңдүн ачкычын,
Тапсам деген ойдомун.
Сага арналган сүйүүмдү,
Катсам деген ойдомун.

Кыз сезими кыйын экен,
Кылдат карайт баарына.
Ал да билет эркелөөнү,
Өзү сүйгөн жарына.

* * *

Мөлтүр булак, тунук булак сен белең,
Мен алыстан көрөмүн деп дегдеген.
Жаштык кыял майтарылбас максаттар,
Агып жатат, агып жатат сен менен.



Күл кара көз, кел күлөлү экөөбүз,
Кол кармашып жылдыздарга кетебиз.
Сен табасың сүйүүбүзгө ак күбө,
Мен курамын ынтымактуу үй-бүлө.

Милдет ушул эки жылдык мөөнөткө,
Сен зарыгып убакытты санаба.
Учат ойлор, учат күндөр кылымга,
Экөөбүздү калтырышып арага.

Мен сени издеп келем калаалардан,
Издеймин мейкиндиктен талаалардан.
Жашынып издетүүгө куштарсыңбы,
Айтышкан шерттер кана, кана жардам.

Көөдөнгө батпаган сезимдердин,
Бири жок унутулган өзүң менен.
Жүрөктө башка ойлор, башка сезим,
Баягы өзүң айткан сөзүң менен.

Дагы да ойлондурат кээ бир сезим,
Ишенбейм чынбы мага болгон сезим.
Анда мен бактылуумун, бактылуусуң,
Менин да сага арналат тунук сүйүүм.

*1969-жыл, Кызылжар.*

* * *

Жүрөктө сүйүүлөр толкуп ташып,
Элесте экөөбүз колтукташып.
Баратам мен сага асылкечим,
Ак мөңгү тоолорду, ашуу ашып.

Баратам мен сенин карааныңды,
Алыстан маяк кылып чагылдырып.
Баратам мен сага асылкечим,
Жүрөктү бир өзүңө багындырып.

*Май.*

## СЕН ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОРУМ

Аптыкпачы менин шашма жүрөгүм,
Жооп келер күтө турчу аз гана.
Ушул айда күткөн жооп келбесе,
Сага уруксат бара бергин башкага.

Деги сенин кыз жүрөгүң таш беле,
Же сүйүүгө түшүнбөгөн жан беле.
Ойлоп, ойлоп так бир ойго келе албай
Сага ылайык мүнөздөмө бере албай...

Же жүрөгүң ачылбаган кулпулуу,
Бир гана ой, максаттарга умтулуу.
Ошол үчүн күттүрүп жүрөсүңбү ,
Ачыгын айт, сүйүндүрчү нур сулуу.

Аёо деген сезим болот адамдарда,
Адамдардын так өзүнүн жүрөгүндө.
Андай нерсе такыр жок жаралбаптыр,
Сенин катаал мээримсиз мүнөзүңдө.

Жашпы десем жаштыгың билинбестен,
Жаш жүрөгүн сүйүүгө канып калган.



Жашыңды билбесем да божомолдойм,
Жаштыгың он сегизге барып калган.

Бакыт издеп жаш жүрөк жер үстүнөн,
Океанды, жолдорду басып өттү.
Өз айлыңда жүрүпсүң жүрөгүмдүн,
Шаңк этип күлгөнүңү укту дагы
Жаныңа бир заматта учуп жетти.

* * *

Сен менин идеямсың жаркыраган,
Элесиң түбөлүккө өчпөгөн шам.
Дайыма элесиңди карап туруп,
Сакчы болуп тынчтыкта чекте турам.

Сен менин идеямсың өзгөрүлбөс,
Дайыма элесиңди эңсеп келем.
Жүрсөм да ачык жакта, ашууларда,
Оюмду, үмүтүмдү сага берем.

Сен менин идеямсың туруктуу бол,
Сүйүүбүз тоо суусундай тунук болсун.
Кайтпагын максатыңдан бир аттанган,
Башыңа зор бакыттын кушу консун.

Сен менин идеямсың чагылгандай,
Жарк этип кайра өчпөстөн түбөлүккө.
Жана бер, жалбырттай бер
Сен мага алтын болуп табылгандай.

Жүзүңдүн жылмайганын карап туруп,
Өзүмчө рахатка батар элем.
О жаным, ошондогу коздукту,
Жүрөктүн теренине катар белең.

Бул күндөр өтүп жатат зымырашып,
Асманда сансыз жылдыз жымыңдашып.
Сүйгөнүң келе жатат тосуп ал деп,
Жаткансыйт жалбырактар шыбырашып.

Ай ошол тунук суудай ак сүйүүлөр,
Адамга бир гана жолу келет экен.
Булгабай таза тутуп тосуп алсаң,
Адамга чексиз бакыт берет экен.

Жолуңду тосуп барып нечен жолу,
Сен менен көрүшүүгө кумар элем.
Кайтканда кайра үйгө кубангандан,
Ай ошондо чексиз ойго тунар элем.

Кыска ойлор, узун ойлор биригишип,
Сен жөнүндө кыялдар бүтөр эле.
Токтобой дагы-дагы ойлор туулуп,
Келерки жолугушуу күтөр элем.

Дагы да сенден мурда жолуң тосуп,
Көздөрүм талыганча карар элем.
Алаксып жаш балача өзүмдү өзүм,
Кайталап убакытты санаар элем.
Сени менен жердин үстүн бүт кыдырып,
Чыксам дейм тоолордун бийигине.

*1969-жылы, май.*



* * *

Ай ошондогу сенин мүнөзүң,
Ай ошондогу сенин кыялың,
Кетпес болуп жүрөккө синген экен,
Түсүңдөй көрк берип сыяның.

Мен сенин ырыңды жактырамын,
Сурандым кээ бирде ырда деп.
Ошондо назик ыр кубулжуп,
Айтчусуң жаштыкта жырга деп.

Үнүңдүн бийик чыгып назиктиги,
Эркимди бүт өзүнө тартып алчу.
Анан мен кармап алып колдоруңду,
Жүрөктөр сүйүүлөргө калкып калчу.

Азыр мен ушуну эмес караанынды
Көрүүгө кумарланам кете албаймын.
Оюмда, түшүмдө да, кыялымда,
Айтчы сен неге өзүңдөн кете албаймын.

Оюмда сенден бөлөк бирөө турса,
Анда мен ак сүйүүңдү сыйлабадым.
Ишенчи сенден бөлөк эч кими жок,
Көзүңдүн жашын төгүп ыйлабагын.

Сен мени көз көрбөгөн иштер менен
Сүйүүнүн чынарына таңып койдуң.
Эсиңден эч убакта чыкпасмын деп
Түбөлүк көз отуңду жагып койдуң.

Туйладым, үзө албадым жиптеринди,
Качам деген ойлорум уйпаланды.
Жакындап көз отуна басып барсам,
Чегиндим, бүт денемди куйкаладын.

*1969-жыл, июнь.*

* * *

Күткөн күтсүн мен күтө албайм,
Деген катты алганда
Чыдай албай ыйлагансын,
Жүрөсүнбү арманда.

Ал арманды ичтен алып,
Чыгарамын тазалайм.
Сени ыйлаткан таш боорду,
Мен ыйлатам, жазалайм.

Ал сага душман болуп ичи тарып,
Сенин таза сүйүүнө колун салды.
Сырынды жашырбастан айттын эле,
Аны ал душманына айтып барды.

Сен аны жолдош деп сезип,
Ал сени өз бактынан сезип жүрдү.
Кезегинде сени таштап кетти булбул
Ал сырдашын табалап, куунап күлдү.

Анан сен өз бактынды таба албадын,
Сүйүүнүн кумарына кана албадын.



Алдындан туман каптап жолун бууду
Ошентип максатына бара албадын.

Сүйгөнүн дагы бирди тандап сүйдү,
Экөөнүн ортосунда оту күйдү.
Сен болсо жете албастан өз тенине,
Жүрөгүн ичи тарып, ичи күйдү.

*Апрель.*

**КОШТОШУУ**

Күткөн мезгил
Көп күттүрдү,
Келбөөчүдөй сезилип.
Анан сага катты жаздым,
Күйүп бышып, эзилип.
Бирок сен
Ойлогондой болбой чыктын.
Катымды окубастан,
Айрып жырттын.

Анан мен ойлонбостон
Сага арнаган катымдын
Көчүрмөсүн издеп таап,
Китептердин арасынан
Атынды сызып алып
Отко жактым.
Ал чок болуп күлгө айланды,
Мен болсо таза тунук сүйүү таптым.

Азыр сенин элесиң сакталбады,
Жүрөктүн сүрөт тартчу лентасы.
Ай ушул мүнөзүн бар мага жакпас,
Ааламда теңдеши жок эркесиң да.

**ЖАЗДЫН КЕЛИШИ**

Жол боюнда теректер,
Термелишет шамалга.
Жалбырагы үн салып,
Шыбыш берет адамга.

Кулак салып тыншачы
Эмне дейт теректер.
Сүйлөп жатат жалбырак
Желбирешет желектер.

Арча, кайын, талдар да,
Кубанышат балдар да.
Өз чарбагын ондошот,
Ишчи чалдар да.

Себеби жаз жадырап,
Кирип келди жериме.
Эмгекке бакыт жаз менен,
Кошо келди элиме.

*1969-жыл, май.*



**ТУУЛГАН ЖЕРИМЕ,
КАЙРАТТУУ ЭЛИМЕ**

Турпагыңдан жуурулуп жаралганмын.
Сен мен үчүн аянбадың туулган жер.
Алыс сапар кеткенде кусаланып,
Сагынамын сени эстеп өстүргөн эл.

Сен мен үчүн аябадың жемишиңди,
Күттүң мени алыстан келишимди.
Зор бакытка жеткендей сезилемин
Аткаралсам, эгерде бир ишиңди.

Милдет таккын мойнума аткарамын,
Аянбаймын жигиттик намысым бар.
Эгерде кырсык сени каптап кирсе,
Кара жанды аябай салышым бар.

Кымбатсың тарбиялап өстүргөн эл,
Баркыңды баалай билем, артык көрөм.
Теңебейм эч бир элге, эч бир жерге,
Кубаныч, кайгыңды да теңдеп бөлөм.

Жеримдин тунук булак, тулаң чөбү,
Мен аны эч нерсеге алмаштырбайм.
Жеримдин ташын дагы, гүлүн дагы,
Бөтөн эл, жат адамга карматтырбайм.

Куштарым мин кубулжутуп обон салса,
Моцарттын музыкасы жетпей калат.
Жеримдин көркүн көргөн ар адам
Айланып аны таштап кетпей калат.

## ДҮЙНӨДӨ

Күндөр бар күлүк карматпаган,
Акыйкат бар адамды алдатпаган.
Гүлдөр бар дайыма гүлдөп турган,
Кыздар бар жаштыктан алдастаган.

Балдар бар максатка умтулушкан,
Чалдар бар максатты унутушкан.
Айлар бар башкада, асмандарда
Ач көз бар алсам деп тутунушкан.

Суулар бар, дарактар бар, аскалар бар,
Дүйнөдө толуп жаткан башкалар бар.

*1969-жыл, 2-май.*

## БАРАТАМ

Зор милдет жүктөлүп мойнума,
Баратам алыскы сапарга.
Намыстуу, абийирдүү иштейли,
Кел, достор, тургула катарга.

Жол алыс кыйындык көп эсе,
Биз аны кыйналбай женебиз.
Жадырап күн өскөн кездерде,
Кайрылып элдерге келебиз.

Досторум, мойнунда зор милдет
Жүктөгөн өз элин, мекенин.



Баарыбыз тартынбай барабыз,
Жарабайт иши жекенин.

Ата Журт ыйык баарыдан:
Ак сүт берген энелер,
Ак эмгек кылган аталар,
Аярлуу баскан жеңелер,
Алтын кен казган агалар
Бактысын коргоого баарынын,
Баратам алыскы сапарга.

*1969-жыл, май.*

* * *

Уксам деймин Мекен үнүн
Кыйкырган алыстан мени карап.
Көрсөм деймин Мекен сырын,
Көкүрөккө түйүп, санап.

Канча жүк бар мойнумда,
Аткаргын деп элим таккан.
Кыйындыкка туш келсем да,
Кайрат келет жерим жактан.

Туш болом тоскоолдукка
Өтөм жиреп.
Сүйгөнгө жолуктур деп
Ичтен тилеп.

Кезиккен кездерди эстеп,
Бир жүргөн кечтерди эстеп,

Сен менен түндөрдө болуп,
Сонун-сонун кептерди эстеп.

Кыялбай азыр элесинди,
Кыйлага чейин буулуп жүрдүм.
Сен болсо менин көзүмө кайра,
Миң түрлөнүп кубулуп турдуң.

*1969-жыл, май.*

* * *

Кош менин жашымдан өскөн,
Ырыска баткан айбаттуу жерим.
Кошкун сен да талыкпай иште,
Эмгекте жүргөн кайраттуу келин.

Кош эми, мен ойногон Сары-Аска,
Издерим түшкөндүр го сенин ташка.
Унутпай эстей жүргүн жаштык кезди,
Айтылса сөздөр түркүн, сөздөр башка.

Кошкула, сулуу кыздар сумсайбастан,
Узаткан бизди алыскы сапарларга.
Эки жыл өткөн соң келербиз,
Кайрадан силердин катарга.

Кошкула, жолдоштор бирге окуган,
Ынак болуп партада бирге олтурган.
Эмесе, Мекен таккан зор милдетти,
Аткарууга кудурет жетээр бекен?

*1969-жыл, 7-май.*



* * *

Жашыл жоолук салынган,
Жайдары сенин мүнөзүң.
Жанына барсам, көрүнсөм
Шылдыңдап мага күлөсүң.

Күл сени күлүш үчүн жаратканбы,
Же мени бир өзүңө караткканбы.
Айталбайм ичимдеги арманымды,
Көп сүйлөө ушул мени жадатканбы.

Мен сен деп жашап жүрөм,
Мен сен деп ойноп күлөм.
Мен сен деп элестетип
Дайыма гүлдү сүйөм.

Сен гана бир мен үчүн
Табылбас алтындайсың.
Сен гана көздөрүмө,
Алмаздай жаркылдайсың.

Ошондуктан суроомо
Токтолбостон жообуң бер.
Максатташ бололучу,
Күттүрбөй колуң бер.

*Май.*

* * *

Узатабыз досторду
Улуу милдет жолуна.
Турмушка берип путевка,
Чындап салды жолуна.

Досторду узатабыз,
Тынчтыктын сакчысына.
Келгенде гүл беребиз,
Гүлзардын бакчасынан.

Досторду узатарда бирин дагы
Көзүнө жашын төгүп ыйлабагын.
Белгисиз алыс сапар бараткanды,
Саргайтып убайымга кыйнабагын.

Досторду узатарда бардыгыбыз,
Досторчо колдорду кысышып.
Өтсө эгер ортодо каталык,
Аларды ойлордон сызышып.

Ошондо кол алып коштошуп,
Ошондо кучактап өбүшүп.
Кайрадан эки жыл өткөн сон,
Кучактап кайрадан өбүшүп,
жүрөлү достор.

*9-май.*



* * *

Жаралган жерим,
Мен сенин
Турпагың болуп калбапмын.
Касиеттүү Ата Журт,
Жаш кезимде алдапмын.
Ошондо жаман адатты,
Мүнөздөн алып салбапмын.
Касиеттүү Ата Журт,
Сөзүңдү бек сактаймын.
Жанымда өтсө жаңылыш,
Жакшы иштер менен актаймын.
Унутпайм сага келген жаз күндөрүн,
Сүтактын безеленген түңкү үндөрүн.
Дайыма эгин-жайдан терип алчу,
Жайнайбы дагы жытуу гүлдөрүн.
Сөзсүз жайнайт ишенемин себебин,
Тынчтык коргоп армияга баратам.
Эгер душман басып кирсе жериме,
Тишин кагып чекелерин канатам.
Жайнай бер кызгалдактар эгин-жайда,
Мен келип букет кылып терейин.
Ай ошол чексиз-чексиз махабатым,
Сүйгөнгө белек кылып берейин.
Унутпайм дарагыңды, талдарыңды,
Балапан алып жүрчү жарларыңды.
Унутпайм дагы, дагы унутпаймын,
Жаштыкта мага берген жардамыңды.

*12-май.*

* * *

Сунасыңбы колуңду коштошууга,
Бурасыңбы көөнүңдү достошууга.

Эгер сен макул болсоң достошууга,
Жардам бер жаман кездерде.
Эгерде макул болсоң коштошууга,
Унутпа экөөбүз жүргөн көчөнү.

Унутпа баскан жолдорду миң кайталап,
Ким көргөн гана эмес, ким айталат.
Досум, сен убара болбо көп чабылып,
Адатта көргөндөрдү көп кайталап.

Досум, сен күткүн мени көзүң талып,
Тосуп ал жарым күндүк жолдон барып.
Ошондо сырыбызды айтышабыз,
Буулуккан жүрөктөрдүн ичин жарып.
Ошондо биз чын достукка жетишебиз.

*10-май.*

**ӨТҮНҮЧ**

Күтүп жүрүп нечен күн өттү,
Жолуң тосуп нечен түн өттү.
Мынча неге күттүрдүң түшүндүрчү,
Жаралантты... Сени ким өптү?

Күздө күтүп, кышты өткөздүм,
Жараланып жүрөк жаш төктү.



Же жарыктык ишенбей жүрөсүңбү,
Же сага ашык болгон баш көппү.

Күттүрбөстөн баарын зарыктырып,
Тандап туруп бирөөнө чыкпайсыңбы.
Анан кийин кат жазган адамдардын,
Көзүнчө окубастан жыртпайсыңбы.

Же болбосо эч нерсени сезбеген,
Жаратылыш тул жаратып койгондой.
Сага тийген ар-намыстуу мамиле,
Ушулардын баарын тепсеп жойгонбу.

Же болбосо мени сынап жүргөндүрсүң,
Унчукпастан сырыңды ичке сактап.
Ушуну сезесиңби, асылкечим,
Аябай баратасың отко express.

*10-май.*

**ДҮЙНӨДӨ ТЫНЧТЫК БОЛСУН**

Аскалар асман тиреп тура берет,
Жаштыгым салтанатын кура берет.
Жаралып сонун-сонун акыйкаттык,
Дүйнөнүн бүткүл эркин бура берет.

Дайыма жерим гүлдөп турса экен деп,
Дайыма элим гүлдөп турса экен деп
Аталар кайтпай калды кармашууда,
Каргыштуу катаал душман огунан жеп.

Көп адам салгылашып жүргөн жерде,
Ач ажал аны көздөй торун жайып.
Агалар кайтпай калды кармашууда,
Каргыштуу катаал душман огу тайып.

Жыл өтүп, айлар өтүп арабыздан,
Мезгилдер бири-биринен алмашууда.
Көп адам үйлөрүнө кайтпай калды,
Каргыштуу душман менен кармашууда.

Адамдар али жүрөт кармашууда,
Акыл-эс айга-күнгө жандашууда.
Дагы да дүйнө жүзү тазаланбай,
Каргыштуу катаал согуш кармашууда.

Согушту чыгаргандар үйлөрүнө,
Бүт бойдон көр болуп илкип барса.
Ошондо бардыгы керексиз деп,
Согушту жер үстүнөн силкип салса.

Гүл болуп жер үстү гүлдөөр эле,
Дарактар саргайбастан бүрдөөр эле.
Көкөлөп орбитага атырылып,
Тынчтыктын көгүчкөнү үндөөр эле.

Суулар да булганбастан бөтөн бутка,
Шаркырап тунук болуп агаар эле.
Биригип бардык кадам Венерага
Тынчтыктын өчпөс отун жагаар эле.



Куштар да көкөлөп бийик учмак,
Асманда бомбардировщик жоктугунан.
Көп адам кутулмак, сайрандамак,
Душмандын түрмөсүнөн, соттугунан.

* * *

Адамдар көңүл ачып сайрандоого,
Алыскы Жанеттага барар эле.
Андагы бардык сырды ачып, билип
Ал жерге достук отун жагар эле.

Галактика тегиз кепкенен
Бардык жерде адам жашаса.
Чыр чыгарган адамдын ооздору,
Бардык окту, бомбаларды ашаса.

Ракета учпасын каргашалуу,
Ок салып, бомба салып, отту салган.
Ядролук сыноолор токтотулсун,
Адамдардын жүрөгүнө чокту салган.

*1969-жыл, 11-май.*

## САГА РАХМАТ, РОССИЯ!

Көп окуп китептен сен жөнүндө,
Көп уккам мээримдүү элиңди.
Сүрөттөн көрүп жүргөм куштарланып,
Табигат кооз берген жериңди.

Жаштыкта дайым энсегем,
Ак пейил элинди көрсөм деп.
Көз салып кооз жерине,
Көңүлдү минге бөлсөм деп.

Ал талап азыр орундалып,
Мен сага баратам, Россия!
Көчөңдү чаңытып, кыздарыңды,
Мен сени жадатам, Россия!

Көрсөм дейм Волганын толкунун,
Жээгинде шамалга жүз тосуп.
Кайтсам дейм андан соң Крымга,
Карт дайра менен коштошуп.

Крымда курорттор көп дешет,
Мен анын баарын көрсөм дейм.
Көз салып Кара денизине,
Толкуган көңүлдү бөлсөм дейм.

Москва, Ленинград, Волгоград,
Баарынын көчөсүн бассам дейм.
Кечинде кинодо олтуруп,
Чарчаган көңүлдү ачсам дейм.

Москванын четинде Ленин тоосу,
Мен ага сонун көрүп чыксам дейм.
Олтуруп Пушкин паркта кыздар менен,
Орустун күлкүсүн уксам дейм.
Мен сага баратам, Россия!

*14-май.*





*Асан Тагайкуловдун үй-бүлөсү.*



*Айыл катчыларынын жыйынында. 1984-жыл. Солдон экинчи катарда Асан Тагайкулов.*



# ЭСКЕРҮҮЛӨР

## ОШОЛ ЧАЛДЫН БАЛАСЫ

Аскерден келгениме жети ай болгон. Андагы аталыш боюнча Афлатун селолук советинин кызматчысымын. Клуб башчысы болгонум менен негизги ишим салык жыйноо. Квитанция, кара кагаз, элдин тизмеси, эсептелген сумма, автокалемсап, чолок сызгыч. Иш кагаздарын сактап жүрүүчү идишим (сумка ордуна) апамдын жаңы эле жасап койгон сокмо таар туз баштыгы. Бул мезгил жыйырманчы кылымдын 1957-жылдарынын ноябрь, декабрь айлары эле. Салык топтоо боюнча азыркы аталыш боюнча айыл өкмөтүнүн тен жарымы мага бөлүнгөн. Авлетим суусунун аркы өйүзү бүт мага тийиштүү эле. Ал айыл негизинен үч аймактан турчу. Башынан атаганда: Тегирменсай, Байгашка Терек, Коргон. Ушул аймактын эң башындагы биринчи үй Калматов Ормотой, акырындагы Коргондогу үйдүн четкиси Керимкулова Асел байбиченики болор эле. Бардыгы чарбалык кароо китеп боюнча 950дөн ашык кожолук болчу. Ушулардын үй башчысынын фамилиясын, атын жатка билчүмүн. Анткени мен баш бакпаган үй-короо, кездешпеген бир да адам болчу эмес.

Анткени салык жыйнайм да. Буларды айтып жаткан себебим: негизинен азыр мен сөз кылмакчы болгон чалдын баласы Асан Тагайкулов ошон-

до жети жаштарда эле. Али мектепке бара элек. Анда сегиз жаштан окууга тартылчу. Асандын атасы Сакеев Тагайкул, энеси Гүлсүн Тегирменсай аймагынын Товарсай деген оттуу, жайлуу, мөмө дарактуу, суулуу айдөөш тарткан айылында, сай тамандап баргандагы эле биринчи үйдө жашаша турган. Асандын атасы Тагайкул карыя орто бойлуу, тегерек бет, узун айры жазы коюу каштуу, жүзүн жылуулук ээлеген пикири таза, сөзүнө так турган карапайымдын маданияттуусу экенин иш мамиледе толук байкагам. Көрүнүшү карыдай сезилгени менен ошондо элүүнүн тегерегиндеги адамдар экен. Энеси Гүлсүн дасторкондогу нанын, казанындагы ашын, челектеги чыртылдап күүгө келип турган бозосун келген адамдардан аябаган, кем сөздүү аялзаты эле. Балдарын башкарып жумшоодо бир да жолу кагып-силккенин байкабагам. Ушул үйдө Асан өстү. Элге аралашты. 1959-жылы мен районго которулуп, 15 жылдан ашык убакытта кайра селолук ишке киришкенимде сельсоветтин секретары декреттик дем алууга кетти. Ордуна ыктуу жаштардан тандоодо баягы чалдын баласы Асан кандидатурага илинип, ошондо сурашып тааныдым.

Жүзү жандуу, баёо, ашыкча сөзү жок, сүйлөгөн сөзү төркүндүү, уяң мүнөз, ойлору так, келечектүүлүгү байкалып турду. Президиум мүчөлөрү жактырышып, иштеп калды. Көпкө иштеди. Көнүмүш тажрыйбага салып ар ким деле башчынын этегине жамынып, ээрчинди болуп



жашай берет дечи, Асан калыс тең иштеди. Айрыкча карапайым адамга, колхозчуларга дыканзиректик менен мамиле жасады. Анткени ал карапайым тубаса боорукер үй-бүлөдөн жаралып, өсүп чыкпады беле. Бир мисал. Секретардын жазма иши көп. Ал убакта иш тартиби күчтүү. Чоң чогулуштар же базар күндөрү эки иштен бир дешип, балдардын документтерин аталар же энелер ала келишип секретарга иш аябай оорлошот. Ошондо биринин да көңүлүн оорутпай бүт кабыл алып, жетишкенин бүтүрүп берип, калганын түндөп бүткөрүп, эртеси документтин ишенимдүү адамдар аркылуу же болбосо кантора менен өзүнүн үйүнүн аралыгындагыларга иштен кийин өзү таркатып бир суткадан ашырбай камсыздоочу. Мындай иш адамдын шартын, ал-абалын билген гана адамдын колунан келерин түшүнсөк болот. Алган айлыгына топук кылган, кайсалап тегин оокатка напсисин агытпаган, сыпаа, чыныгы мырза жигиттердин бири биздин Асаныбыз эле. Колхоз правлениясында да так, жоопкерчиликтүүлүк менен өзүн көрсөтө алды. Анан доор алмашты. Союз кулады. Социализм урады. Коммунизмге деген тилек куурады. Жанырып чыкты демократия урааны. Анда да кооперативдик түзүлүш, өзүн өзү башкаруу, жер реформа иштерине активдүү катышып жүрүп, кастык катарына тушугуп, азамат Асан Тагайкулов элүүнүн тегерегинде суу кырсыгынан жашоосун токтотту. Айла канча. Бир гана максат, Асан-

дын канындагы камыртуруштан бала бакырасынан да бирөө болсо экен деп тилеймин.

Атаганат ай!.. Азыркы жетимиш бештин кыркы, дагы калган журт жакшыларынын 51, 1 пайызы Москва, Лондон, Пекинди көрбөгөн, өзүбүздүн Алатоонун аймагын толук таанybаган, ак ниет, карапайым үй-бүлөдөн ысык-суукту көрүп, таза тарбия алган Асандай болгондо, очорулуп ордунан тура албай жаткан Кыргызстан боюн түзөп, көкүрөк көтөрүп, кадамдап тез эле жүрүп кетмек. Андай да болоор, күтө туралы!

Адамдын баркы эмгекте,
Ал туура дейли албетте.
Айтарым ар бир муунга,
Асандай болуп эр жетсе.
Коомубуз алга жылат деп,
Коркпостон чыгам мелдешке.

***Ысак Барпиев,***
*төкмө акын, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти.*

## ЗЭЭНДҮҮЛҮГҮ МЕНЕН БАРКТУУ ЭЛЕ

***(Маркум Тагайкулов Асандын элесине арналат)***

Мен Асан Тагайкуловду туулганынан баштап, эң акыркы жашоо күнүнө чейин билемин. Менден кичүү болсо дагы жарышып өскөндөй чоной-ду. Асандын бир тууган агасы Ыманбай аке өз



кезегинде ошол айылдын таланты бар инсаны эле. Эпостук чыгармалардан жайлоолордо жана кыштоолордо күндөп-түндөп айтып, өз өнөрүн элге тартуулаган. Күн-түн болсо да «Эр Табылды», «Эр Төштүк», «Олжобай менен Кишимжан», «Курманбек» аттуу эпостордон айтып, айланасында олтурган кемпир-чалдарды ыйлатып, аларга эрмек болуп, өнөрүн тартуулаган адам болчу. Ошол Ыманбай акенин зээндүү, сезимтал, укканын кармап дароо эсине тутуп, качан болсо да эсине сактаган жактары Асанда да бар эле. Бирок Асан андай эпостук чыгармаларды айтпаганы менен анын сабаттуулугу, маданияттуулугу, сүйлөгөн сөздөрүнүн тизмеги, так жазгандыгы, кол жазмаларынын сулуулугу менен айырмаланчу. Адамдар менен мамиле жасаганда өзүн токтоо кармап, карыбы, жашпы бирдей көз караште жүрдү. Мен 1976-жылдан 1981-жылга чейин Авлетим айылдык советинде Асан менен бирге иштештим. Анда Асан айылдык кеңештин кызматчысы, мен айылдык маданият үйүнүн башчысы элем. Ушул жылдар аралыгында Асандын аткарган иштеринин тактыгы, жоопкерчиликти жогору сезүүсү, адамдар менен болгон мамилелеринин сылыктыгы, иш билгичтиги сөзгө арзырлык десек болот. Иш кагаздары ордуордуна ирети менен коюлуп, грамматикалык жактан ката кетирбей башкаларга карата: «Мына бул сөз мындай айтылганы менен мындай жазылат, мүнөздөмө, токтом, түшүнүк каттардын жазылыш тартиптери бири-бирине окшош болбойт» –

деп түшүндүрүп, токтоолук менен ынандырып жазып коёр эле. Асан өзү сабаттуу жигит болчу. Жогорку билимдүүлөр менен ат салышкан, акындык сезими жогору, көз карашы бийик, жалпыга тегиз караган терең чынчылдыкты, адилеттүүлүктү, тазалыкты сүйгөн, туура сөздү улуу эле, кичүү эле дебестен учурунда бетке айткан кайталангыс инсан. Ушул касиеттери улуу-кичүүгө зор тарбия көрсөтүп, көпчүлүктү өзүнө бурар эле.

Эми Асан тууралуу айтарым көп. Асандай ак ниет, Асандай сабаттуу, Асандай адилет инсандар бар болсун, уул-кыздары Асандын аткарылбай калган иш-аракеттерин аткарып, коомдун бактылуу жаштарынан болсун деген тилектерди, каалоолорду айткым келет. Ар дайым Асандын элеси, анын ичинде чыгармалары элибиз менен жашай берет.

***Аскаралы Жээнкулов,***
*Авлетим айыл өкмөтү.*

## СЕНИ ЭЭРЧИП ЖАМАН БОЛБОДУК

Классташым Асан Тагайкулов жөнүндө эскерүү жазууга киришкенимде төмөндөгүлөр аргасыздан эске түштү. Биринчиден, Асан жөнүндө эскерме жазам деп эч качан ойго келбеген, ушул жагы мен үчүн өтө кыйын болду. Бирок тагдырга баш ийбөөгө болбойт экен. Экинчиден, Асан жөнүндө, анын жакшынакай мүнөзү, кыял-жоруктары, жасаган,



аткарган иштери жөнүндө эскербей коюуга адамгерчилик, инсандык парзыбыз дагы жол бербеди. Себеби Асан жөнүндө ойлогондо учкан куштай зымырап өтүп кеткен балалыкты эстебей коюуга мүмкүн эмес эле. Согуштун залакасы толук бүтө элек болчу. Ачкачылыкты көрбөсөк да жетишпестикти көрдүк. Ошондон бир мисал. Мектепте окуу куралдарды жоолукка түйүп, жылаңаяк келчү элек. Мектепте бизди ошол мезгилдеги чыгаан мугалимдер: Осмоналиев Сатымбай, Стамкулов Ысак жана башка бир топ агайлар окуткан. Биз окуган башталгыч мектепте аял эжелер жок эле, кийин Афлатун орто мектебинде окуган убакта Сооронбаева Рашида, Митрофанова Мария, Камбарова Мария жана башка эжекелер окутту. Ошол мезгилде биз агай-эжекелер менен жолугушканда баш кийимибизди колго алып, ийилип: «Саламатсызбы агай, эжеке» – деп саламдашчубуз. Өспүрүм мезгилдерде улуу муундардан таалим-тарбия алышыбызга Тургуналиев Топчубектин, Тасмаев Рысбектин, Арзиев Бармандын таасирлери да көп мааниге ээ болду деп ойлойм. Мен балалыкты, өспүрүм мезгилди эскергенимдин себеби, сага жаратылыш берген талanttын өсүп жетилишине жогорудагылардан алган тарбия-таалим зор таасир калтырды го. Ошондуктан Асан, сен биз менен болгондо өзүңдүн уюштургуч жөндөмүңдү көрсөтө алчу элең. Биз сен айтканды угар элек. Биз эр жетип адам болгонубузга сенин бетке айткан сапатың таасирлүү болгону ар дайым эсте болот.

Уламышы бар, дарыясы бар элдин ырыскысы көп болуп, таланттуулар арабызда арбын болот дейт. Сен дагы Афлатун, Итагар дарыяларынын суусун ичип жүрүп чонойгонсун. Биздеги талантуулардын, өнөрпоздордун бири болуп сенин да чыгармаларың окуган окурмандардын жүрөгүнөн түнөк табат деп ойлоймун.

***Байзак Осмоналиев,***
*класташы.*

## АСАН АСЫЛ ИНСАН ЭЛЕ

Тагайкулов Асан 1950-жылы Аксы районуна караштуу Чоңтовар кыштоосунда ааламга келген. Жети жашынан Тегирменсай жети жылдык мектебинде билим алып, 10-классты Афлатун орто мектебинен бүтүргөн. Бул инсан менен кичинемден бирге болуп, бирге турганмын. Мектепте окуп жүргөн мезгилдеринде эле өтө сергек, сөзмөр жигит болчу. Адабий китептерди көп окуур эле. Мектепте окуп жүргөн мезгилинде анын мектептеги дубал гезиттерге ырлары жана макалалары жарыяланып турчу. Мектепти аяктаган соң колхоз тармагында үзүрлүү эмгектенди. 1970-жылы Авлетим айыл өкмөтүнө катчы болуп ишке кирген. Ошол мезгилде өз ишине өтө сезгичтик менен мамиле жасап, патриот жаштардан экенин көрсөтө алган. Андан кийин көп өтпөй эле Тельман атындагы колхоз башкармасында катчы болуп көп жылдар бою эмгектенди. Иштеген мезгилдеринде өзүнүн сезгич жана сергектигин көрсөтө алган. Бул инсан аз жана так сүйлөгөн, өз ишине так мамиле жасаган кыргыздын чыгаан уулдарынын бири эле. Айла жок, Асан, топурагың торко болсун. Сенин жаркын элесиң туугандарыңдын, жолдошторундун, агаларыңдын жүрөгүндө ар дайым түбөлүккө сакталат.



***Арзиев Ыманкул,***
*Ыман Акылбеков атындагы орто мектептин аскерге чейинки даярдоо мугалими.*

# МАЗМУНУ

## ЫРЛАР

Кырк сегиз жыл катылган ырлар ........ 4
«Таң менен кошо чыгып кызыл гүлдөр...» ........ 8
Тилек ........ 8
Тоолор ........ 9
Сыр бердим ........ 9
Эстен кетпейт ........ 10
Чабанга ........ 10
«Кара булут каптап тоо башын...» ........ 11
«Сенин гана элесиң...» ........ 12
Элестетем ........ 12
«О, сүйгөнүм...» ........ 13
«Талаада гүлдөр көп аңкыган...» ........ 14
«Кыялымда жаз келсе...» ........ 14
Лирика ........ 15
Кыялым ........ 15
«Сур булут жылып барып тоо башына...» ........ 16
Сыймыктанам сен менен ........ 17
«Кыялымда сен кызыл гүл болсоң...» ........ 17
«Мөлтүр булак, тунук булак сен белен...» ........ 18
«Жүрөктө сүйүүлөр толкуп ташып...» ........ 19
Сен жөнүндө ойлорум ........ 20
«Сен менин идеямсың жаркыраган...» ........ 21
«Ай ошондогу сенин мүнөзүң...» ........ 23
«Күткөн күтсүн мен күтө албайм...» ........ 24
Коштошуу ........ 25
Жаздын келиши ........ 26
Туулган жериме, кайраттуу элиме ........ 27
Дүйнөдө ........ 28
Баратам ........ 28
«Уксам деймин Мекен үнүн...» ........ 29
«Кош менин жашымдан өскөн...» ........ 30
«Жашыл жоолук салынган...» ........ 31
«Узатабыз досторду...» ........ 32
«Жаралган жерим...» ........ 33
«Сунасыңбы колунду коштошууга...» ........ 34
Өтүнүч ........ 34
Дүйнөдө тынчтык болсун ........ 35
«Адамдар көңүл ачып сайрандоого...» ........ 37
Сага рахмат, Россия! ........ 37

## ЭСКЕРҮҮЛӨР

Ошол чалдын баласы ........ 41
Зээндүүлүгү менен барктуу эле ........ 44
Сени ээрчип жаман болбодук ........ 46
Асан асыл инсан эле ........ 48